УДК : 372
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-146-148

**Матраимов Абдиваси Нусурович**
И. Арабаев атындагы КМУнун аспиранты
**Матраимов Абдиваси Нусурович**
Аспирант КГУ им.И.Арабаева
**Matraimov Abdivasi Nusuroich**
Graduate student of KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ САЯСАТЫ
# ПОЛИТИКА РЕЛИГИОЗНОГО ОБРАЗОВАНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ
# RELIGIOUS EDUCATION POLICY IN KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин, Кыргыз Республикасындагы диний билим берүү системасынын абалы, диний билим берүүнүн тышкы көрүнүшү жана бул областтагы маселелер кеңири алкакта каралат.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, диний билим берүү, диний коопсуздук, мамлекеттик саясат.

**Аннотация:** Рассматривается становление системы религиозного образование в Кыргызской Республике после получения независимости, анализируются нынешнее состояние религиозного образования и существующее в этой области проблемы.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, религиозное образование, религиозная безопасность, государственная политика

**Annotation:** The formation of the system of religious education in the Kyrgyz Republic after gaining independence is examined, the current state of religious education and the problems existing in this area are analyzed.

**Key words:** Kyrgyzstan, religious education,religious security,public policy

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында эгемендүүлүк шартында социалдык-экономикалык, билим берүү системасы менен бирге диний билим берүү системасынын тажрыйбасы, багыттары жана саясий өзгөрүүлөрдүн орун алуусу уланып келе жатат. Ошондой эле эгемендүүлүк мезгилинде өлкөдө көп конфессионалуу коомдор түзүлүп, Кыргыз Республикасынын жарандары динге карата ар кандай ишенимдерди тутунууга эркиндик алышты. Мисалы, бүгүнкү күндө өлкө аймагында Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекетик комиссиясынын берген маалыматы боюнча 2814 диний уюм өз ишмердүүлүгүн расмий жүргүзүп келүүдө. Анын ичинен 2420 ислам жана 380 христиан багытындагы, ошондой эле 1 еврей жамааты, 1 буддисттик, 12 бахаи дининин жамааты каттоодон өткөн [1].

Социалдык жана маданий көрүнүш сыяктуу болгон динге кызыгуунун массалык көбөйүшү, тарыхый жана азыркы мезгилдеги диндин жана диний уюмдардын, коомчулуктун пикиринин көз алдында ишеним деңгээлинин жогорулашы алардын баркынын өсүшүнө өбөлгө болду. Бул элде диний уюмдар коомдогу кризистен чыгууга жардам кылуучу, элди кооптондурган тиги же бул процесстерге жакшы таасир тийгизүүгө жарактуулугу жөнүндө айрым жагынан акталган жана кээ бир жактарынан ашыра бааланган үмүттөрдү жаратты. Ошол эле убакта руханий баалуулуктардын кайрадан жаралуу процесси – бул ар кандай диний

идеологиялык теориялардын жана көз караштардын бир катар концептуалдык жоболору шексиз түрдө мыйзам ченемдүү көрүнүшү болуп саналат.

Көз карандысыздыка ээ болуунун натыйжасында Кыргызстанда бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ал эми мындай өзгөрүүлөр кыргыз коомчулугун диний жана адеп-ахлактык баалуулуктарга болгон кызыгууларга басым жасала башталды. 2013-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын жетекчилиги тезинен диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоого багыт алды.

Атайын бийлик тарабынан исламдын кайра жаралуу процесси кокусунан болгон кубулуш эмес: ислам дини улуттук маданияттын мурасы болуп, ал калктын белгилүү бир катмарында өз таасирин, коомдук кыймылдын жетекчилеринин жарым-жартылайында, өзүнүн мүнөзүн «элдик акылмандыкта» сактай алган. Анын функционалдык канондору бул идеяларга жана түшүнүктөргө ылайык концепцияларды жана идеяларды көз карандысыз мамлекеттин атайын жетекчилиги, гумандуулук принциби, адамдарга акыйкат мамиле, коомдун адеп-ахлактык негиздерин бекемдөө саясатына карама-каршы келбөөсүн, ислам постулаты элдердин ортосундагы байланышты өнүктүрүүсүн, коомдук улуттар аралык жана диндер аралык мамилелерди айкалыштыруу менен макулдашылгандыгын жарыялап жана жайылта баштады.

Эгемендүүлүк жылдары атайын бийлик жана диний бийлик улуттук салт менен ислам баалуулуктарын элдештирүүгө аракет жасап, ислам динин тааныштырууда элдин тарыхында маанилүү бир бөлүгү катары көрсөтүшкөн. Ислам динин руханий-маданий колдоо исламды саясатташтырууга каршы башка бир механизм катары, өлкөдөгү коомдук-саясий туруктуулукту бекемдөө болгон. Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү болуп жаткан заманбап окуялар, ислам менен саясаттын, ислам менен салттуулуктун, мамлекеттеги улуттук жана руханий биримдикти бекемдөө маселелерин, анын коопсуздугун айкын ырастайт. Бул маселелер өзгөчө азыр актуалдуу болуп, учурда Кыргызстан диний жана плюралисттик коом болуп бара жатат.

Жаны шартта өзгөчө актуалдуу катары билим берүүдөгү диндин орду каралып башталды. Ошондой эле диний билим берүүнүн методологиясын иштеп чыгуу маселеси коюлган. Бул менен катар эгемендүү Кыргызстандагы социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий жашоонун түп –тамырынан өзгөрүүсү жаңы социалдык талааны, жаңы шарттарды жана ислам динине кайрылууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түздү десек жаңылышпасак керек.

Диний окуулардын адеп-ахлактуу чек белгисин активдүү издөөдө "диний билим берүү саясатын" алдын алуу үчүн коомду туура багытка жана айрыкча жаштарды таалим-тарбияга, адеп-ахлакка, ыймандуулукка үндөө колго алынат. Ал эми бул ар кандай теория жана концепциянын негизинде комплекстүү жана эл аралык мамиленин терең окуп үйрөнүүнү талап кылат.

Бул процесс бизди диний кыймылдын же диний агымдын чыныгы максаты кандай деген суроого жооп издөөгө мажбур кылат? Өлкөдөгү диний абал боюнча радикалдуу диний уюмдардын таасири кандай? Ислам салттарын кантип коомдук жана саясий кайра түзүүлөр үчүн тоскоолдуктарды болтурбастан колдонсо болот? Рухий жактан бекемдиктин жоктугу, коомду тынчсыздандырган айрым маселелердин жаралышы, азыркы коомдук-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, элдин рухий жана маданий тажрыйбасын өркүндөтүү жараяны менен байланыштуу тынчсыздануусун Кыргыз Республикасынын Президенти да билдирген. Бул руханий жактан өнүктүрүү азыркы коомдогу прогресс үчүн зарыл шарт болуп саналат. Кыргызстандын келечеги улуттук маданияттын кайра жаралышы менен байланыштуу. Анткени, бардык адамдар өз каада-салтын сактап калууга умтулат [4,13-б.]. Жогоруда айтылгандай баалуулуктарды туура аныктоо негизинен туура билим берүү аркылуу гана ишке ашат.

Мындай диний окуу жайларды системалаштыруудагы биринчи максат: жогоруда айтылган фундаменталдык идеяларды калыптандырууга багытталышы керек. Мындайча айтканда, диний окуу жайлар Ислам динин адам баласынын жашоосунун бардык учурунда ага жол көрсөтүүчү өзгөчөлүгүн эске алуу менен илимдин керектүү бардык түрлөрүн камтышы керек. Бул жерде светтик же диний дисциплина сыяктуу котегория да өтүмдүүлүгүн жоготот.

Бардык дисциплиналар динди туура үйрөнүү жана жашообузда колдоно билүүнүн бирден бир рычагдары катары каралат. Ошол эле мезгилде динди үйрөтүү процесси бир гана диний билим берүү мекемелеринде эмес жалпы эле бардык билим берүү мекемелеринде динди окутуу колго алынуусу керек. Динди жактаган адам да же кайра тескерисинче динди сындаган жаран да дин жөнүндө базалык маалыматка ээ болушу керек [4,62-б.]. Бул бир жагынан диний окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү менен диний эмес окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүүнү камсыз кылат. Диний билим берүү мекемелери диний баалуулуктарды кеңири жана терең түшүндүрүп бере ала турган өзгөчөлүккө ээ болушу керек. Айрыкча диний билим берүүнүн усулдук окутууларына басым жасалышы керек. Бул жерде тутулган балыкты гана сунуштабай балык тутууну үйрөтүү негизги максат болушу зарыл. Тафсир усулу, хадис усулу, фикх усулу, калам сыяктуу сабактар милдеттүү түрдө окутулушу керек. Диний баалуулуктарды аныктоонун методологиясына басым жасоо идеясын калыптандыруу диний окуу жайлардын жана ал жерде билим алган студенттердин бул же ал адамдын же көз караштын таасиринде калуусуна бөгөт коёт.

Методологиялык изилдөөлөргө басым жасаган окуу жайлардын заманбап көз караштар менен прогрессивдүү идеяларды жараткан борборлорго айлануу мүмкүнчүлүгү жогору турары анык.

Диний кызмат көрсөтүүдө мамлекеттик бийлик менен тыгыз кызматташып, концепцияга ылайык расмий түрдө диний билим берүү системасынын тажрыйба багыттарын иштеп чыгуу зарыл. Анткени өлкөбүздө туура эмес диний уюмдар, агымдар көбөйүп, диний баалуулуктардын таза жана туура идеясы жабыркап калуу ыктымалы бар.

Мамлекет өзүнүн идеологиясына ыңгайлашкан диний билим берүгө ыктаганда диний аалымдар менен бирге кеңешип динди үйрөтүүнүн негизинде диний баалуулуктарды туура аныктап, өз жолуна түшүрүүгө умтулуусу керек. Жыйынтыгында кайра эле коом жана мамлекет диний негиздеги көйгөйлөрдөн арылып диний билим берүү мекемелеринин методикалык изденүүлөрүнө эркиндик берилиши тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы, http://religion.gov.kg
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Бишкек.,1999.
3. Жусупов К. Байыркынын издери. – Бишкек, 2001
4. Жусуп Баласагындын “Куттуу билими”- X-XI кылымдардагы Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун күзгүсү. – Бишкек, 2016
5. Кадыров Д. От живых небес к единому полю. - Бишкек, 2013
6. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_politics_opininon/29806387.html
7. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 2010.

**Рецензент: д.филос.н., профессор Утуров К.**